Зулпуев Ашим Зулпуевичтин доктордук диссертациясын алдын ала коргоосу боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынынын

№ 11 ПРОТОКОЛУ

Бишкек шаары 10-сентябрь, 2021-жыл

Катышкандар:

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1. | Батаканова С.Т. | - п.и.д., профессор | (13.00.02); |
| 2. | Муратов Ж.А. | - п.и.д., профессор | (13.00.02); |
| 3. | Омурбаева Д.К. | - п.и.к., доцент | (13.00.02); |
| 4. | Акматов К.К. | - п.и.д., доцент | (13.00.02); |
| 5. | Ахметова Н.А. | - п.и.д., профессор | (13.00.02); |
| 6. | Бердибаева С.К. | - пс.и.д., профессор | (19.00.07); |
| 7. | Добаев К.Д. | -п.и.д., профессор | (13.00.02); |
| 8. | Елебесова С.А. | -п.и.к., доцент | (13.00.02); |
| 9. | Конурбаев Т.А. | -пс.и.д., доцент | (19.00.07); |
| 10. | Мукамбетова А.С. | -п.и.д., доцент | (13.00.02); |
| 11. | Мураталиева Н.Х. | -пс.и.к., доцент | (19.00.07); |
| 12. | Мусаева В.И. | -п.и.к., доцент | (13.00.02); |
| 13. | Рысбаев С.К. | - п.и.д., профессор | (13.00.02); |
| 14. | Сыдыкбаева М.М. | - п.и.д., доцент | (13.00.02); |
| 15. | Чыманов Ж.А. | -п.и.д., профессор | (13.00.02); |
| 16. | Укуева Б.К. | - п.и.д., доцент | (13.00.02); |
| 17. | Шакеева Ч.А. | -пс.и.д., профессор | (19.00.07) |

**Отурумга катышкан адис окумуштуулар:**

1. Супатаева Э.А. - п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери (13.00.02)
2. Куканова М.А.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц. м.а. (13.00.02)
3. Сегизбаева Н.К.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а.(13.00.02)
4. Абдраева Н.Э.-п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а.(13.00.02)
5. Раимбекова М.-п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доценти (13.00.02)

Жыйындын торайымы: Батаканова С.Т. - п. и. д., профессор
Жыйындын катчысы: Омурбаева Д.К. - п.и.к., доцент

## КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕ:

1. Зулпуев Ашим Зулпуевичтин “Жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери” темасындагы 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Илимий кеңешчиси: Рысбаев Сулайман Казыбаевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

Отурумдун торайымы, педагогика илимдеринин доктору, профессор Светлана Топчиевна Батаканова ачып, күн тартибинде каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий кеңешчи п.и.д., профессор С.К.Рысбаев Ош технологиялык университетинин окумуштуулар кеңешинин 2012-жылдын 27-декабрындагы №2 протоколу менен бекитилген.

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, профессор –Үкүева Б.К
2. Педагогика илимдеринин доктору, профессор – Сакиева С.С.

Педагогика илимдеринин доктору, доцент Акматов К.К.

Изилдөө Ош технологиялык университетинин кыргыз жана орус тилдер кафедрасында аткарылган.

Отурумдун төрайымы, педагогика илимдеринин доктору, профессор С.Т.Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүүчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү Зулпуев Ашим Зулпуев төмөндөгүлөрдү баяндады:

**Зулпуев Ашим Зулпуевич:** Урматтуу бүгүнкү отурумдун төрайымы, урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражаны изденип алуу үчүн жазылган “Жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери” деген темадагы илимий ишимди жыйынтыктап сиздерге баяндап берүүгө мүмкүнчүлүк бергениңиздерге ыраазылык билдирем!

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:**

Жалпы эле адабиятты окутууда “Манас” таануу предметин үйрөтүүөзгөчө чоң мааниге ээ. Жогорку окуу жайларында Манас таануу курсун окутуунун илимий -методикалык проблемалары боюнча теориялык жана методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүлгөндүгү менен актуалдуу болуп эсептелет.

Республикабыздын жалпы билим берүүчү орто мектептеринде, лицей-колледжеринде жана ЖОЖдорунда бир канча жылдан берки “Манас” таануу предмети окутулуп келатат. Ошентсе дагы, ал ЖОЖдордо окуу дисциплинасы катары атайынилимий-методикалык негизде түптөлө элек. Бирин-экин окуу куралдары жазылганы болбосо, фундаменталдуу изилдөөлөр, методикалык эмгектер жана туруктуу окуу китептери жок. “Манас” таануу аттуу окуу предметинин түзүлүшү, багыттары, окутуунун заманбап методдору иштелип чыга элек. Демек, мына ушунун өзү изилдөөнүн актуалдуулугунтолук далилдейт.

Изилдөөнүн актуалдуулугун аныктоодо практикада жолугуп жаткантөмөндөгүдөйкарама-каршылыктар менен чечилүүчүпроблемалар эске алынган:

1. "Манас" таануу курсу республикалык жогорку окуу жайларынын ЖОЖдук компоненттин алкагында өзүнчө дисциплина катары киргизилгенине карабай, анын дисциплиналык статусу аныктала электиги, илимий-методикалык жактан да негизделе электиги;

2. "Манас" таануу курсунун максатына жараша окуу материалдарынын тематикасынын мазмуну тактала электиги, окутуунун формалары мененметодикалык жол-жоболору тактала электиги;

3. аталган курсту окутуунун адабий-теориялык, педагогикалык-дидактикалык жана методикалык жактан жабдылышы жогорку окуу жайларында каралган эместиги;

4. "Манас" таануу курсунун жалпы методикалык модели иштелип чыккан эместиги, аны окутуунун технологиясы иштелип чыга электиги.

Диссертация мына ушундай проблемалуу маселелерди өз алдынча чечкен изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздерин аныктоо, анын заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн обьектиси:** Кыргызстандын жогорку окуу жайларында"Манас" таануудисциплинасын окуп-үйрөнүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандын ЖОЖдорунда "Манас" таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнүн илимий-методикалык проблемалары,мазмуну, модели, аны жүзөгө ашыруунун технологиялары.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Учурдагы окутуу процессинин шарттарына ылайык Республиканын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун теориялык-методологиялык негизин аныктоо.

2. Аталган курсту окутуунун педагогикалык, методикалык принциптерин учур талаптарына ылайык иштеп чыгуу.

3. Республиканын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн абалына анализ жүргүзүү, анын ЖОЖдордун мамлекеттик стандарттарында, окуу программаларында, окуу-усулдук адабияттардагы абалына анализ жүргүзүү.

4. Жогорку окуу жайларда "Манас" таануу курсун өзүнчө окуу дисциплинасы катары негиздөө, анын максатын, милдеттерин, формалары менен каражаттарын жана мазмундук түзүлүшүн аныктоо.

5. "Манас" таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясын иштеп чыгуу, анын компоненттерин тактоо, окутуу принциптерин, методдорун аныктоо.

6. Аталган курстун иштелип чыккан технологияны турмушка ашыруунун жолдорун, аткарылуучу практикалык-методикалык иштердин

системасын жана "Манас" таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү сунуштарын иштеп чыгуу.

Сунуш кылынган технологияларды өркүндөтүүнүн иштелип чыккан концепциясынын натыйжалуулугуна эксперименталдык изилдөө жүргүзүү, анын жыйынтыгын практикага киргизүү.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

- ЖОЖдордогу "Манас" таануу предметинин негиздемеси, курстун илимий-теориялык негиздери, анын структурасы жана багыттары;
- "Манас" таануу илими жана "Манас" таануу предмети, алардын мүнөздөмөлөрү;
- "Манас" эпосун изилдөө, жыйноо, басып чыгаруу, манасчылык өнөр жана аны окуп-үйрөнүү тарыхы;
- Эпосту окуп-үйрөнүүнүн формалары, методдору жана технологиялары, анын модели;
- "Манас" таануу предметти окутуп жаткан окутуучунун жана студенттин негизги компоненттүүлүктөрү, жана алардын мүнөздөмөлөрү;
- ЖОЖдордо студенттерге Манастын осуяттарын үйрөтүүнүн маани-маңызы жана заманбап технологиялары;
- "Манас" таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду жана мааниси.

**Изилдөөдө колдонулган методдор:** Диссертациялык изилдөөдө ар кандай изилдөөлөрдө колдонулуучу салтка айланган методдорду (илимий-теориялык, практикалык-эмпирикалык, эксперименталдык жана статистикалык) колдондук. Илимий-теориялык методдун алкагында тандалып алынган темага байланыштуу нормативдик документтер, адабий-теориялык, илимий-методикалык эмгектер талдоого алынды, жалпылаштырылды, жыйынтыгында аткарыла турган илимий изилдөөнүн жумушчу божомолу негизделди. Эмпирикалык-практикалык методдун алкагында байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү, сурамжылоо, анкета толтуруу, тест жүргүзүү, алардын жыйынтыктарын анализдөө жана синтездөө, сабактарга катышуу, талдоо, тажрыйбаларды үйрөнүү иштери жүргүзүлдү.

Эксперименталдык методдун алкагында байкоо, изилдөө, аныктоо, текшерүү жана жыйынтыктоо этаптары жүргүзүлдү. Тажрыйбалык-эксперимент мезгилиндеги аныкталган кемчиликтер менен жетишилген ийгиликтердин пайыздык катышы аныкталып, изилдөөдөгү жалпылыктар, өзгөчөлүктөр жана айырмачылыктардын көрсөткүчтөрү сунуш кылынды.

**Диссертанттын жеке салымы:** Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун мазмунун, формаларын жана каражаттарын иштеп чыккандыгы, аны окутуунун натыйжалуу методикалык ыкмаларын, технологияларын сунуш кылгандыгы, окутуунун салттуу ыкмаларынын негизинде салтка айланбаган заманбап сабактардын, инновациялык жана интерактивдүү окутуу технологиялары иштелип чыгып, аларды практикада сунушталгандыгы, иштелип чыккан ыкмалардын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу сыноодон өткөрүлгөндүгү, илимий иштин

изилдөө багыты боюнча жыйынтыктардын, сунуштардын апробацияланышы жана тастыкталышы диссертанттын жеке салымы катары каралышы керек.

Киришүүдө изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталып, илимий жаңылыгы, практикалык баалуулугу, жумушчу божомолу (гипотезасы), Изденүүчүнүн жеке салымы, педагогикалык эксперименттин базасы, эксперименттик иштин этаптары, илимий иштин материалдарынын илимий-практикалык конференцияларда баяндама жана макала түрүндө жарыяланышы тууралуу сөз болот.

Биринчи бап **“”Манас” таануу курсунун мазмуну, аны окутуунун теориялык маселелери, курстун структурасы”** деп аталып, бул баптагы жогорку окуу жайларындагы “Манас” таануу курсунун обьекти, предмети, түзүлүшү, мазмуну, максат-милдеттери жана теориялык негиздери, эпостун изилденишинин, жыйноо, жаздыруу, китеп түрүндө басып чыгаруунун тарыхы жана аны ЖОЖдордо окуп-үйрөнүүнүн учурдагы абалы жана эпостун варианттары менен жана манасчылык өнөр тууралуу маалыматтардын адабий-теориялык, илимий-методикалык мааниси деген аталыштагы параграфтарда “Манас” таануу курсунун мазмуну, маани-маңызы абдан кеңири маселелердин айкалышын камтыйт.

Асыресе, республиканын жогорку окуу жайларында “Манас” таануу курсун окутуу боюнча төмөндөгүдөй милдеттердин коюлушу талапка ылайык:

1. Уникалдуу “Манас” эпос-үчилтигинин кыргыз маданиятындагы жана дүйнөлүк маданияттагы алган ордун белгилөө.
2. Эпос жөнүндөгү алгачкы маалыматтар менен (окурманды, угарманды, окуучуну, студенти ж.б.) толук кандуу кабардар кылуу.
3. Эпостун негизги темасы менен, идеясы менен тааныштыруу.
4. Байыркы менен бүгүнкүгө көпүрө болгон, Манас баатырдын баянын биздин күндөргө жеткирген, баатыр өзү тандап, даарыган залкар манасчылардын жеке чыгармачылыгын, алардагы айтуучулук өзгөчөлүктөрдү даңазалоо.
5. Манасты изилдеген окумуштуулар жана алардын эмгектери менен тереңден маалымат берүү.
6. Үчилтикти жазып алууда, кагазга түшүрүүдө, кара сөзгө келтирүүдө, басып чыгарууда жана которууда жүргүзүлгөн иш-аракеттер жөнүндө маалыматтарды берүү
7. Эпостун сюжетин, кыскача мазмунун, өзөктүү окуяларын окутуу, алардагы турмуштук-философиялык ойлордун, тажрыйбалардын маани-маңызды турмушунда колдонууга көнүктүрүү.
8. Үчилтиктеги каармандар системасын талдоо жана өздөштүрүү.
9. Эпостун өзөгүндөгү каада-салт, ырым-жырым, үрп-адаттарды жана улуттук дөөлөттөрдү окурмандардын (а.и., студенттердин) аң-сезимине, жан-дүйнөсүнө жеткирүү.
10. Эпостун окуяларын жана элементтерин кагазга түшүргөн сүрөткерлердин эмгектерин даңазалоо.
11. Муундан-муунга оозеки айтылып келген таберигибиз менен сыймыктануу сезимин калыптандыруу.

12. Табиятынан айтуу шыгы болбосо да ар бир окурманды Манастын саптарынан айта билүүгө, көркөм окууга жана кептик чеберчиликке машыктыруу;

13. Эпостун негизинде жазылган пьесалар, драмалар, опералар, музыкалар, кинолор, даректүү фильмдер жөнүндө кабардар кылуу.

14. Кыргыз баласы кылымдардын кыйырында Манастан кубат алып, Манас менен сыймыктанып да, сыйынып да келгендиктен, анын уникалдуулугун далилдеп улуттук жүзүн сактай алууга көмөк көрсөтүү.

15. Кыргыз улутунун идеологиясынын пайдубалы болгон эпосту сактап, өнүктүрүү, жайылтуу менен урпактарды Ата-Журт үчүн күйүп жанган мекенчил болууга, эл камын ойлоого тарбиялоо.

Курстун мазмунун толук өздөштүргөн студент төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

1. "Манас" эпосунун жалпы адамзаттык жана улуттук философиялык маанисин, уникалдуулугун, ички маңызын түшүнө билүү, тексттен үзүндү келтирип, маанисин чечмелеп бере алуу.

2. Жан дүйнөсүнө Манастын тил байлыгын сиңирип, өз оюн таамай, көркөмдөп айта жана жаза билүү, эпостун сөз берметтерин өз сөздөрүндө колдонуу;

3. Көп улуттуу маданиятты түшүнүү, эл аралык чөйрөдө иштей жана жашай алуу;

4. Даяр илимий пикирлерди гана окуп үйрөнбостөн, сын-ой жүгүртүү, өз пикирин билдирүү, жыйынтык чыгара алуу, аргументтерди келтирип, талкуулай алуу, эки тарапты тең канааттандырган чечим кабыл алуу;

5. Жамаат, топ ичинде иштөө, ишти уюштуруу, жоопкерчиликтерди, ресурстарды бөлүштүрүү;

6. Маалымат менен өз алдынча иштей билүү, башкы мааниге ээ болгон маалыматты аныктай алуу, интернет булактары менен иштей алуу, демилгечи болуу, долбоорлорду иштеп чыгуу, чыгармачылык менен жаңы идеяларды сунуштаган креативдүүлүк;

7. Максатка жетүүгө ышкыктануу, баштаган ишинин аягына чыгуу, өмүрүнүн баардык баскычтарында билимге умтулуу.

Негизинен, педагогика илиминде "Манас" таануу предмети окутуунун өзүнчө жаңычыл ыкмаларын иштеп чыгуу – азыркы күндүн бирден бир талабы. Бул жаатта белгилүү окумуштуу-педагогдорС.Байгазиев,Б.Оторбаев, Д.Саалиев, Б.Исаков ж.б.эмгектери маалым. Жеке гана кыргыздарга таандык улуу "Манас" эпосу каза берсе түгөнбөгөн улуу кенч, өзөгү руханий байлыкка толгон казына.

"Манас" таануу курсу боюнча студенттердин билимине, билгичтигине коюлуучу талаптар:

- "Манас" эпосунун кыргыз элинин турмушунда ойногон тарыхый ролун далилдер менен бекемдеп айта билүүсү;
- эпостун рух-доолөтторүн, адеп-ыймандык нарктарын билиши, түшүнүшү жана алардын бүгүнкү күндөгү тарбия иштерине керектиги,

зарылдыгын аныктай алышы, өзүнүн жүрүм-турумунда, турмуштук кырдаалдарга колдоно алышы;

- эпостун эл оозунан жыйналуу, китеп болуп басылып чыгуу тарыхын, андагы кыйынчылыктарды фактыларга негизденип билиши, бул жөнүндө аңгеме кура алышы, доклад, реферат жаза билүүсү, жыйноочулардын ысымдарын, эмгек мээнеттерин билиши;
- "Манас" таануу илиминин тарыхый өнүгүшүнүн жолун билиши, Манасты изилдеген Кыргызстандык жана чет өлколүк окумуштуулардын ысымдарын жана алардын эмгектерин билиши, алардын эпос тууралуу айткан ой-пикирлерин жатка билиши, илимпоздорунун эмгектерине баа бере алышы, аларга рецензия же аннотация жаза алышы, изилдөөчүлөрдүн ой-корутундуларын өзүнүн "Манас" жөнүндөгү сөздөрүнө пайдалана билиши;
- "Манас" эпосунун сюжетин билиши, сюжеттин негизинде ой жүгүртүү сочинениесин, кыскача кара сөз менен эпостук сюжетти ыраатту баяндап же жаза билиши;
- эпостун айрым учкай жерлеринен таамай, учкул саптарды, образдуу сүрөттөөлөрдү, фразеологизмдерди, макал-ылакаптарды жатка айта билиши жана аларды өз сөзүндө практикалык түрдө колдоно алышы;
- көзү өткөн улуу жана бүгүнкү манасчылардын кыскача өмүр баяндарын, ири чоң манасчылардын манас айтуу өнөрүн, аларга акын-жазуучулардын, илимпоздордун берген бааларын, эпостун варианттарын билиши.

**"Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери" деген аталыштагы экинчи бапта** "Манас" таануу курсу боюнча изилдөөнүн негизги материалдары, изилдөө методдору менен принциптери тууралуу сөз болгон.

Педагогикалык эксперименттин түрлөрү бири-биринен эриш-аркак удаалаш колдонулуп, салыштыруу жүргүзүү үчүн эксперименттик жана контролдук группалар тандалып алынган. Жалпысынан, изилдөөгө ар түрдүү ЖОЖдор тартылганын, анда окутуучулар менен бирдикте студенттер катышкандыгын эсепке алсак, изилдөө обьектиси жетишерлик чоң масштабда болду деп айтууга негиз бар.

Биздин изилдөөнүн жүрүшүндө педагогикалык эксперимент алты жыл аралыгында (2012/18-жж.) үч этапта, төмөнкүдөй жүгүртмөдө жүргүзүлдү:

- биринчи этап 2012-2013 жана 2013-2014-окуу жылдары **байкоо жана аныктоо жүргүзүү** этабы.
- экинчи этап 2014-2015 жана 2015-2016-окуу жылдары **изденүү иштерин жүргүзүү** этабы.
- үчүнчү этап 2016-2017 жана 2017-2018-окуу жылдары **окутуу жана жыйынтыктоо** этаптары.

**Байкоо жана аныктоо деп аталган I этапта** (2012-2014-окуу жылдары) – изилдөөнүн темасына байланыштуу адабияттарды окуп, теориялык маалыматтарды жыйнап, изилденип жаткан теманын айланасындагы материалдарды, маалыматтык булактарды талдоонун негизинде диссертациянын илимий аппаратын аныктадык.

Изилдоого алынган иштин илимий божомолунун канчалык туура экендигин, "Манас"таануу курсун өздөштүрүүгө арналган сабактарда интерактивдүү окутуунун канчалык деңгээлде ишке ашып, кандай ийгиликтерге жетип жаткандыгын билүү максатында бир катар иш чаралар жүргүзүлүп, мониторинг жүргүзүү менен окутуунун жүрүшүнө анализ жасалды.

Экспериментке "Манас" таануукурсун ишке ашырып жаткан окутуучулар, ага окутуучулар, доценттер, профессорлор жана студенттер катышып, биз алар менен баарлашуу аркылуу учурдагы билим берүү саясатынын заманбап концепцияларынын бири интерактивдүү, инновациялык окутуу, аларды пайдалануунун абалын, "Манас" таануу предметин интерактивдүү окутуудагы жетишкендиктер менен кемчиликтерин, окутуунун салттуу формалары менен болгон карым-катышын байкоо, окутуунун сапатын көтөрүү ишинде болуп жаткан жаңычылдыктарды жайылтуу багытында дидактикалык, адабий-эстетикалык маселелерди, жол-жоболорду сунуштоо жана анда натыйжага ээ болуунун илимий божомолун аныктап чыгууга мүмкүнчүлүк түзүлдү.

Жүргүзүлгөн эксперименттик иштердин натыйжасында ЖОЖдордун окутуучуларынын "Манас" таануу сабагында колдонгон ыкмалары, дидактикалык, адабий, эстетикалык, теориялык булактары, билим берүүдө маанилүү деп эсептелинген көз караштары, окутууну жаңылоого тийиш болгон педагогикалык мамилелери, окутуунун заманбап ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүктөрү жана чеберчиликтери, заманбап окутуу ыкмаларын пайдаланууга **зарыл** болгон төмөнкү көрүнүштөр айкындалды:

**Аныктоо жана изилдөөнү жүргүзүү этабы деп аталганII этапта** болсо (2014-2016-окуу жылдары) – жогорку окуу жайларда "Манас" таануукурсун окутуунун ал-абалы аныкталып, курсту ишке ашыруунун мазмундук, структуралык жана практикалык үлгүсү иштелип чыгып, изилдөөнүн темасына ылайык сабактын алгылыктуу инновациялык жана интерактивдүү ыкмалары иштелип чыгып, практикага киргизилди. Жаңы сабактардын иштелмелери берилди. "Манас" таануупредметин окутуу технологиялары сунушталды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктоочу III этабы "Текшерүү жана тастыктоо этабы"**деген аталышта 2016-2018-окуу жылдары аткарылып, эксперименттик иштин жүрүшүндө аныкталып жана сунуш кылынган ыкмалардын негиздүүлүгү менен ишенимдүүлүгүн сыноодон өткөрүү максатында практикага киргизилип, текшерүүдөн өтүп, алынган жыйынтыктар апробацияланып, тастыкталып, алардын негизинде изилдөөнүн корутундулары, сунуштары жазылды.

Жаңычыл окутуунун мазмунун мүмкүн болушунча так аныктоонун теориялык да, практикалык да мааниси зор экендигине толук ынанып, студенттердин "Манас" таануу предмети боюнча ала турган билимдеринин мазмунун интерактивдүү окутууга ыңгайлаштыруу, анын натыйжасында студенттердин сабак өздөштүрүүсү кыйла жакшы натыйжага чейин өсүүсүн байкап, алардын оозеки чыгармалар аркылуу турмуштун баардык жагдайларына даяр болуусуна өбөлгө берүү багытында илимий божомолго тактоолор киргизилди.

**"Манас"таануу курсун окутууну заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы" аттуу үчүнчү бапта** "Манас" таануукурсунун багыттары, компоненттери, педагогикалык заманбап талаптар, ага ылайык окутууга жаңы технологияларды киргизүү, Жогорку окуу жайларындагы студенттерге Манастын осуяттарын үйрөтүүнүн заманбап технологиялары, "Манас" таануудагыгуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети-аттуу маселелер каралган.

**"Манас" таануу курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы» аттуу төртүнчү бапта** "Манас" таануу курсун окутуп жаткан окутуучу жана студенттер ээ болуучу компетенциялар, ошондой эле айтылган компетенцияларга жетүү үчүн билим-билгичтиктерге коюлуучу талаптар, "Манас"таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду, милдети тууралуу жазылган.

"Манас"таануу курсун уюштуруудагы педагогикалык шарттарды эске алып биз **окутуучунун алдына коюлуучу талаптарды, милдеттерди жана студенттин компетенцияларын аныктоо аракетин** көрдүк.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

Изилдөөнүн милдеттерине жараша төмөндөгүдөй жыйынтыктар алынды:

1. Көлөмү жагынан да, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү жагынан да, эл турмушун, тарыхый баатырдык окуяларды жеткиликтүү көрком чагылдыруу жагынан да, жүздөгөн каармандардын образдарын көрком, элестүү сүрөттөп берүү жагынан да дүйнөдө эч бир эпос теңтайлаша албаган жанадан жалгыз руханий кенч – ушул "Манас" эпосу. Мына ушундай руханий дөөлөттүн автору кыргыз эли, эл ичинен чыккан чыгармачыл инсандар. Кыргыздын ар бир айылында "Манас" айтпаган, же андан чакан үзүндү айтпаган адам табуу кыйын. Эпос элдин руханий, маданий гана кенчи болбостон, ал элдин тарыхы, санжырасы, улуттук идеологиясы болуп калды. Ал эл турмушунун энциклопедиясы.

2. Республиканын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсу өзүнчө илимий дисциплина катары окутулуп жатканына мына он жылдан ашуун убакыт болгонуна карабай, бул ишмердүүлүктүн методологиялык негиздери атайын изилденбей, методикасы аныкталбай келди. Кандай гана ишмердүүлүк болбосун, анын жалпы мүнөзүн, багыттарын, жүрүшүн жана келечегин терең билүү, аныктап алуу зарыл.

3. "Манас" таануукурсунун мазмуну, маани-маңызы абдан кеңири маселелердин айкалышын камтыйт. Алсак, эпосту окуп-түшүнүү үчүн анын келип чыгышы, пайда болуш себептерин, эпосту эл арасынан жыйноо, жазып алуу иштерин, эпосту айтып бүгүнкү күнгө жеткирген манасчылардын айтуучулук өнөрү, алардын жашап өткөн мезгилдери, алардын айткан варианттары, "Манас" эпосунун толук мазмуну, эпостун идеясы, андагы адам жана жаратылыш концепциялары, эпостун изилдениш деңгээли, эпосту изилдеп, жайылтуудагы ийгиликтер, эпосту окутуп-үйрөтүү иштери сыяктуу абдан орчундуу маселелер жатат. Мындан тышкары "Манас" таануу–– тил,

адабият, тарых, искусство, педагогика, психология, музыка, театр, укук, идеология, сүрөт, кино, скульптура, география, экология, философия, саясат, этика, медицина, дин, коом ж.б. тармактарды камтып, аларды азыркы мезгилдин орчундуу маселелери менен тикелей байланышта иликтенип, илимдин бир тармагына айланып отурат.

Изилдөөнүн корутундусунда төмөндөгүдөй практикалык сунуштар иштелип чыкты:

1, "Манас" таануукурсу республиканын адистик багытына карабай бардык жогорку окуу жайларында окутулат. Техникалык, медициналык, чарбалык, экономикалык адистиктердеги ЖОЖдордо аталган курс философия жана коомдук илимдери кафедраларынын окуу жүктомүндө каралган, демек аны филологдор эмес, ар кайсы адистиктеги окутуучулар жүргүзүшөт, мунун өзү туура эмес. Ошол окуу жайларында тилдер кафедрасы бар, "Манас" таануу курсун ошол кафедранын жүктомүнө берүү зарыл, ошондо гана аталган курсту филолог-окутуучу жүргүзө алат.

2."Манас" таануутармагы филологиялык илимде жана фольклористикада өзүнчө багыт катары кабыл алынганы тарыхый чындык, ал эми педагогика менен окутуу методикасында болсо, бул тармак өзүнчө дисциплина катары мектептен тартып жогорку окуу жайларына чейин окутулат. Демек, аны окутуу илим тармагында да буга өзүнчөилимий дисциплина катары мамиле жасоо зарыл.

3."Манас" таануукурсун окутуу ишинде адабияттын теориялык маселелери менен гана куралдануу аздык кылат, окутуучу студентине улуттун тарыхы, санжырасы, адат-салттары, ойлоо психологиясы, географиясы менен медицинасы тууралуу кенен маалыматтарды бере алгыдай энциклопедиялык билимдерди өзүнө жыйнашы керек, эпостун өзү энциклопедиялык чыгарма экендигин эске алганы туура.

4."Манас" үчилтигинин темасы менен идеясын, проблематикасын менен композициясын, образдар системасы менен чыгарманын коомдук маанисин чечмелөө, түшүндүрүү ишинде окутуучу филологиялык адистикке ээ болгон адис болушу зарыл.

5.Философиялык, социологиялык жана руханий жактан алып караганда адам жашоосунун максаты, маани-маңызы, наркы эмнеде деген суроонун алкагында лекциялар менен практикалык сабактар өтүлүшү керек. Себеби, Адам жамаатынын (үй-бүлө, уруу, эл) максат-үмүтүн актоо, мүдөөсүн аткаруу үчүн жашап, ошолор үчүн күрөшө билиши керек деген түбөлүктүү идеяны дал ушул "Манас" эпосу далилдейт.

Көңүл бурганыңыздарга чоң ырахмат!

**Төрайым:** Баяндама бүттү. Анда доктордук диссертациялык иш боюнча суроолор болсо, бериңиздер. Сөз Венера Инаятовнада.

**Мусаева В.И.:** Урматтуу Ашим Зулпуевич, азыркы учурда "Манас" таануу сабагын бала-бакчадан баштап жогорку окуу жайларга чейин окутууну системага киргизип жатабыз. Ошонун себеби эмнеде деп ойлойсуз?

**Изденүүчү:**Суроонузга рахмат. Венера Иноятовна, "Манас" эпосун бала бакчада, мектептерде жана жогорку окуу жайларга чейин окутууну системага

киргизбесек, бөбөктөрдөн баштап үйрөтпөсөк, Манастын баалуулуктарын, нарк-насилин коомго тереңдетип жеткире албайбыз.

**Мусаева В.И.**: Республика боюнча, мисалы, 34 жогорку окуу жайлары бар, баарынын өзүнүн кесиптик багыты бар. Ошондо сиздин илимий ишиңиз Кыргызстандын кайсы ЖОЖдоруна арналган?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, биздин илимий эмгек Кыргызстандын бардык ЖОЖдоруна арналган.Болгону, жогорку окуу жайларды гуманитардык жана гуманитардык эмес деп бөлүп алабыз. Гуманитардык окуу жайларга тереңирээк басым жасалып, кесип катары, ал эми гуманитардык эмес окуу жайларга кесибине жарашабагытына басым жасайбыз.

**Мусаева В.И.**: Сиз диссертациялык ишиңизге 7 милдет коюпсуз, ошол милдеттердин баары аткарылдыбы?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, ооба 7 милдеттин баары аткарылган.

**Мусаева В.И.**: 7 милдеттин экинчиси "Манас" таануу курсун окутуунун педагогикалык, методикалык принциптери депсиз, ошол принциптериңизди атап чыксаңыз.

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, окутуунун педагогикалык, методикалык принциптери:окутуунун принциптерине ылайык методдор, каражаттар системасы болуп кете берет.

**Мусаева В.И.:** Ишиңиздеги жетинчи милдетиңиз: сунуш кылынган технологияларды өркүндөтүүнүн иштелип чыккан концепциясынын натыйжалуулугуна эксперименталдык изилдөө жүргүзүү, анын жыйынтыгын практикага киргизүүдепсиз. Ушул жердеги концепция дегениңиз эмне? Мааниси эмне? Эмнеге таянып керек?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Биз жаңы методикалык методдорго таянабыз, инновацияларга таянабыз. Эң негизгиси, "Манас" эпосун окутууда практикалык түрдө окутуп, инновациялык, долбоор, дебат, интеграциялап окутуу ыкмаларына таянып, жаңы методиканы колдоном.

**Төрайым:** Дагы кимде суроолор бар? Анда сөздү Жеңишбек Арыповичке берсек.

**Чыманов Ж.А.:** Ашым мырза, сизге ток этээр суроолорду берейин. Суроо мындай. Азыркы диссертацияңыз жана авторефератыңыз мурункусу менен эмнеси менен айырмаланат? Эмнелер алып салынды жана эмнелер кошулду?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат, Жеңишбек Арыпович.Мурунку диссертацияда мага педагогика боюнча эмес, фольклор боюнча эскертүү берилген. Ашыкча ссылка кошулган деп. Мен ошол ссылканы келтирдим, кайдан алып, эмненин негизинде алынганына түшүндүрмө бердим.

**Чыманов Ж.А.:** Жообуңузга рахмат, экинчи суроом: Оппонентиң, жардамчы катарыбы, жакында С.Байгазиевдин "Манас" эпосу жөнүндө чоң монографиялык эмгеги чыкты. Ошол эмгекти диссертациялык ишиңизде колдондуңузбу?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Чынын айтканда бул ишимде С.Байгазиевдин эмгектерин, китептерин пайдаландым.

**Чыманов Ж.А.:** Үчүнчү суроом, Сиз бул жерде конструкциялоо ыкмасы, дебат ыкмасы, долбоор ыкмасы деп мурунку диссертацияңызда да бергенсиз, азыркысында да берипсиз. Ушунун негизинде суроо туулат. Дебат, долбоор, конструкция – булар ыкмабы?Дегеле, ыкма менен методдун кандай айырмачылыктары бар?

**Изденүүчү:** Ыкма башка, метод башка. Айырмачылыктар бар.

**Төрайым:** Дагы суроолор барбы? Сөздү Айгүл Садырбаевнага беребиз.

**Мукамбетова А.С.:** "Манас" таануу курсу жогорку окуу жайларда окутулуп жаткандыгына, болжол менен 30 жылдай убакыт болуп калды. Ушул 30 жылдын ичинде жалпы КРнын окуу жайлары бирдиктүү пайдалана ала турган илимий-методикалык негиз түзүлө элек. Сиз ушуга кандай конкреттүү түшүндүрмө берет элеңиз?

**Изденүүчү:** Суроооңузга рахмат. Ооба сиз айткандай илимий методикалык негиз түзүлө элек. "Манас" таануу курсун 2006-2008 жылдардан баштап окутуу системасын өздөштүрүп келебиз. "Манас" таануу сабагын окутууга болгону 30 саат бөлүнгөн, анын 15 сааты лекциялык, 15 сааты практикалык сабак. Ушул регламенттен чыга элекпиз.Кудай буюрса, диссертациямды ийгиликтүү жактап алсам, типтүү программабыз бар, ошонун негизинде программа түзүп, жогорку окуу жайларда пайдалана турган илимий-методикалык китептерди чыгарганы аракет кылам.

**Мукамбетова А.С.:** Жообуңузга рахмат, дагы бир суроо. ЖОЖдордо көп учурда же саат жетпей, же мугалим жетпей калган учурларда "Манас" таануу боюнча адис эмес мугалимдерге "Манас" таануу курсун окутуу боюнча сааттар бөлүнүп калат.Ушуга сиздин оюңуз кандай?

**Изденүүчү:** Менин оюм боюнча, "Манас" таануу сабагын бир гана өз адистери өтүшү керек. Ооба, мурда бул сабакты өтүү боюнча тарыхчылар менен талаш-тартыштар болуп келген. Бирок, азыр баары өз нугуна түшкөн деп ойлойм. Биздин окуу жайда "Манас" таануу курсун бир гана адабиятчылар өтөт.

**Мукамбетова А.С.:** Сиздин оюңузча, "Манас" таануу сабагын тарыхчылар өтүш керекпи же адабиятчыларбы?

**Изденүүчү:** Менин оюм, адабиятчылар бериши керек. Себеби, "Манас" эпосу адабий түрдө жазылган чыгарма. Тарыхчылар Манастын тарыхын гана айтып, өтүп бере алышат.Ал эми адабиятчылар Манастын тарыхын, андагы образдарды, каармандарды көркөмдөп, сүрөттөп студенттерге жеткирип бере алат. Бул адабиятчынын иши.

**Төрайым:** Дагы суроолор барбы? Сөздү Тууганбай Абдырахмановичке берели.

**Коңурбаев Т.А.:** Аним Зулпуевич, сизге суроом тема боюнча."Манас" таануу курсунун башка предметтерден айырмасы эмнеде?

**Изденүүчү:** Суроооңузга рахмат, Тууганбай Абдырахманович. "Манас" таануу курсунун башка предметтерден айырмасы-көркөм сөздө.

**Коңурбаев Т.А.:** Сиз "Манас" таануу сабагына 30 саат аздык кылат, 60 саатка жеткириш керек деп айтып жатасыз. Эмненин негизинде ушул сунушту айтып жатасыз?

**Изденүүчү:** Бул менин жеке пикирим, себеи "Манас" эпосу дүйнөдө биринчи орунда турган, өтө чоң, ири эпостордун бири.Материал өтө чоң болгондуктан, 30 саат жетишсиз. Ошондуктан 60 саат берилүүсү зарыл.

**Төрайым:** Анда сөздү Насиба Хамидовнага берсек.

**Мураталиева Н.Х:** Вы же знаете, что некоторые говорят, что манасчи, когда читает «Манас», в какой-то определенный транс входит. И вот этот транс передается тем, кто слушает. Это как шаманизм, иногда этим и лечатся. Вы рассматриваете этот аспект?

**Изденүүчү:** Албетте. Бул өзүмүн кесибим болгондугу үчүн, сиз айткандардын баарын чындык деп билем.

**Төрайым**: Анда сөздү Мира Медеркуловнага берсек.

**Сыдыкбаева М.М.:** Менин биринчи суроом, "Манас" таануу деген сөзүңүз темаңызда бирге жазылып, калган жерлерде эки болок жазылган. Ушулардын кимиси туура жазылган?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Мен аны тактадым. Ал эми туурасы, экөө эки болок жазылат.

**Сыдыкбаева М.М.:** Дагы бир суроо, жогорку окуу жайларда "Манас" таануу боюнча окуу китептер барбы? Кайсыл окуу китептерди пайдаланасыздар?

**Изденүүчү:**"Манас" таануу боюнча окуу китептер такталып чыга элек. Бирок, менде С.Байгазиевтин 5 китеби бар, Стандарттык программабыз бар, ошонун негизинде ар кимибиз өзүбүзчө даярданабыз.

**Сыдыкбаева М.М. – педагогика илимдеринин доктору:** Дагы бир суроо. Сиз "Манас" таануу боюнча Талант Бакчиев менен Гулзат Алиевалардын изилдөө иштерине кандай карайсыз? Алардын изилдөө иштерин карап чыктыңызбы, пайдаландыңызбы?

**Изденүүчү:** Суроонузга рахмат. Талант Бакчиев менен Гулзат Алиевалардын илимий иштерин сабактын программасына ар дайым пайдаланам, салыштырам. "Манас" таануу боюнча баардык китептер бар.

**Төрайым:**Дагы кимде суроолор бар? Суроолор жок болсо, талкууга өтөлү. Талкуудан соң эксперттерге сөз беребиз. Айта кетсек, эксперттер онлайн катышып жатат. Анда сөз Жеңишбек Арыповичте.

**Чыманов Ж.А.:** Урматтуу кесиптештер, бул диссертациялык иш мурда талкуудан да, коргоодон да өткөндүгүнө байланыштуу өзүбүздүн да, изденүүчүнүн да убактысын сыйлайлы. Ошондуктан талкууну кыскача өткөрөлү.

Ашим мырза сизге айтаарым: сунушум-авторефераттагы бар аз катачылыктар бар, мисалы: эксперименттеги таблицадагы окуу жайлардын аталыштары орусча болуп калган, карап коюңуз.

Дагы бир нерсе, С.Байгазиевдин жаңы чыккан монографиясы боюнча сиздин пикириңиз болуш керек. Ошол китепти сөзсүз алып пайдаланыңыз. Кыскача айтсам, бул диссертациялык ишти мыкты деп айта алам жана коргоого сунуштайм. Сизге ийгилик Ашим мырза!

**Төрайым:** Рахмат Жеңишбек Арыпович. Анда сөз Венера Иноятовнада.

**Мусаева В.И. - педагогика илимдеринин доктору**: Менин кыскача сунушум, диссертация 229 барактан турат депсиз, 229 бет деп берсеңиз туура болот эле деп ойлойм.

Дагы бир нерсе, диссертацияңызда максат-милдеттерде кээ бирки сөздөр тафталогия болуп кайталанган, мисалы, диссертациянын милдети, максаты ж.б. кайталанган. Ошолордун ордуна, диссертацияңыздын материалдарын киргизсеңиз. Ушуларды эске алсаңыз.

Ишиңизге ийгилик каалаймын. Диссертациялык иши албетте колдойм. Ишти бүткөн иш катары эсептейм жана коргоого сунуштайм.

**Төрайым:** Сөз Тууганбай Абдырахмановичте.

**Коңурбаев Т.А.:** Рахмат. Чынында бул диссертациялык иш илим үчүн Кыргыз көз каранды эмес мамлекетибиз үчүн актуалдуу илимий багыт. Менимче ийгиликтүү корголсо, өзүнчө илимий багытка айланыш керек. Мен тилчи эмесмин, бирок, сунуш кылат элем. "Манас" таануу деген сөздү бөлбөй бирге жазып, илимге айланышын каалайт элем.

Ошол эле учурда "Манас" таануу курсун окутуу Кыргыз Республикасында жолго коюла элек. Бүгүнкү күндө программалык стандарт өзгөрүп жатат. Бул бир тараптан алганда жакшы, жогорку окуу жайларга эркиндик берилип жатат. Ушул нерселер сиздин изилдөөңүзгө кирип калса, бул чоң жетишкендик деп эсептейт элем. Сиз ошол стандартты алып, диссертациялык ишиңизге кошуп койсоңуз, "Манас" таанууну эч ким алып таштай албайт.

Сиздин темаңыз актуалдуу, диссертациялык ишиңизди колдойм жана коргоого сунуштаймын. Ишиңизге ийгилик.

**Төрайым:** Сизге рахмат. Анда сөздү эксперттердин төрайымы, п.и.д., профессорҮкүева Бушарипа Кожояровнага беребиз.

**Үкүева Б.К.:** Урматтуу төрайым жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, эксперттик комиссиянын бүтүмү менен тааныштырууга уруксат бериңиздер.

Зулпуев Ашим Зулпуевичтин "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануукурсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темада 13.00.02.окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча жазылган доктордук диссертациялык ишине И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 13. 18.580. диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын бүтүмү.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Казак Республикасынын Абай атындагы Улуттук педагогикалык университетинин казак тили жана адабиятын окутуу методикасы кафедрасын сунуштайт.

Эксперттик комиссия расмий оппоненттер катары төмөнкү адистерди сунуш кылат:

Биринчи расмий оппонент катары кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис, педагогика илимдеринин доктору, доцент БК. Үкүеваны сунуш кылат (13.00.02). (ОшМунун профессору) Анын эмгектери:

1. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаңы технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери: Монография.–Ош, 2012.–216 бет.
2. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуунун илимий-методикалык негиздери. Окуу куралы. ЖОЖдор үчүн., 2013.–255 бет.
3. .Манас таануу.( ЖОЖдор, атайын орто кесипчилик жана орто окуу жайлары үчүн окуу куралы)..–Ош., 2013.–215 бет.
4. Манас таануу. (Атайын орто кесипчилик жана орто окуу жайлары үчүн кредиттик технологиялардын негизинде жазылган окуу куралы).–Ош., 2014.–156 бет.
5. Кыргызча-орусча-англисче-түркчө-корейче котормо сөздүк. . –Ош. – 2015. –215бет.
6. Кыргыз адабияты. 10-класстар үчүн хрестоматия. МНОнун грифи менен-Б.:"Полиграфбумресурсы"-2017.344-бет.
7. Манас таануу .Окуу китеби. МНОнун грифи менен.-Б.: "Полиграфбумресурсы"- Кыргыз адабияты 5-класс үчүн окуу хрестоматиясы. Б.:"Полиграфбумресурсы,2020. 136б.Борубекова Г. менен авторлош.
8. Кыргыз адабияты. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Б.:"Полиграфбумресурсы, 2020. 132б. Борубекова Г. менен авторлош.
9. Кыргыз адабияты 6-класс үчүн окуу хрестоматиясы Б.:"Полиграфбумресурсы,2020. 132б.Борубекова Г. менен авторлош.
10. Кыргыз адабияты. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо. Б.:"Полиграфбумресурсы, 2020. 52б. Борубекова Г. менен авторлош.
11. Инженер-энергетик жана физика адистиктери үчүн тексттер жана сөздүктөр. Б.:"Полиграфбумресурсы, 2020. 116б. А.Орозбаева менен авторлош.
12. Кыргыз поэзиясындагы лирикалык каармандын активдүү турмуштук позициясынын тарыхый өнүгүш маселелери. Илимий монография. Б.:"Полиграфбумресурсы,2020.-176б.

Экинчи расмий оппонент катары Алишер Навои атындагы Ташкент Мамлекеттик (Өзбек тили: жана адабияты университетинин «өзбек адабиятын окутуу методикасы» кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору Козокбой Бойбекович Юлдашевди сунуштайт.

Негизги эмгектери:

1. Ўзбек адабиети. Умум-таалим мактаблари дастури.1991-Т.: РЎММ.У.Норматов,О. Шарафиддинов, А.Каттабеков,Б.Қосимов
2. Мактабда адабиет ўкитиш концепцияси 1993–Т.: ЎзПФИТИ А.Каттабеков, А.Абдураззоқов.
3. Ўзбек адабиети.(7-синф учун дарслик)1993-Т.:Ўқитувчи. Р.Мажидов.
4. Адабиет ўкитиш методикаси (филология факультетлари учун дастурий қўлланма).1994-Т.: "Университет".О.Мадаев, А.Абдураззоқов.

5. Адабиет ўкитишнинг илмий-назарий асослари (монография)1996-Т.: "Ўкитувчи".

6. Узлуксиз адабий таолимнинг давлат стандарти. 1996-Т.: ЎзПФИТИ.Қ. Ҳусанбоева.

7. Узлуксиз адабий таолим концепцияси. 1996-Т.: ЎзПФИТИ.

8. Ўкитувчи китоби1997-Т.: «Ўкитувчи».

9. Адабиет (6-синф учун дарслик)2000-Т.: "Ўкитувчи".Қ.Ҳусанбоева Н. Гуломова

10. Адабиет (8-синф дарслик). 2001-Т.: «Ўкитувчи». А.Каттабеков, Ҳ. Болтабоев

11. «Алпомиш» талқинлари. 2002 -Т.: «Маънавият»

12. Ўзбек адабиети (Қирғиз. республикасидаги ўзбек мактабларининг 6-синфи үчүн дарслик). 2008. Бишкек. "Учкун" Қодиров,Б. Еркинова

13. Ўзбек педагогик атамалари сўзлиги. 2014-Т.: "PRINT-PRESS"У. Долимов,Қ.Ҳусанбоева, А.Сулаймонов

14. Бадиий таҳлил асослари.2016-Т.: "Камалак"М. Йўлдош Adabiyot (9-sinf uchun darslik). 2020-Т.: "Mitti yulduz" V. Qodirov,J. Yo`ldosh-bekov

Үчүнчү оппонент катары катары филология илимдеринин доктору, доцент Орозбекова Жылдыз Калмашевнаны сунуш кылат. Адистиги 10.01.09-фольклористика. Эмгектери:

1. "Манас" таануу боюнча курстук лекциялары окуу китебинин автору. - Бишкек:Кут-Бер.2014., - 228.

2. Манасоведение, учебное пособие, орус тилинде (авторлош). Б., 2011-ж.

3. "Манас" таануу кыргыз тилинде (авторлош), окуу куралы, Б., 2012-ж.

4. "Манас" таануу, типтүү окуу программасы, кыргыз тилинде, Б., 2012-ж.

5. Айтуучулук өнөрдүн өсүп-өнүгүү жолу. Монография, Б.: Бийиктик 2003г. 229 стр.

6. "Манас" эпосундагы тулпардын корком образы жана сынаттоо ыкмалары. (поэтика). Монография, Б.: Шам, 1996-ж. 115-бет.

7. "Манас" эпосундагы тулпардын корком образы. Б.: Фонд "Сорос Кыргызстан" (окуу куралы) 1997-жыл. 125-бет.

Изденүүчү Зулпуев Ашим Зулпуевичтин "Жогорку окуу жайларында "Манас таануу" курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигине ылайык педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин карап чыгып, диссертация тууралуу төмөнкүлөрдү ырастайт:

**Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Изденүүчү Зулпуев Ашим Зулпуевичтин 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча") "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун

илимийметодикалык негиздери" деген темадагы докторлук диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иште 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү "Манас" таануу курсун жогорку окуу жайларында окутуунун илимий методикалык негиздери боюнча теориялык жана практикалык изилдөөлор жүргүзүлгөн.

**Диссертациялык иштин максаты:** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында "Манас" таануукурсун окутуунун илимий-методикалык негиздерин аныктоо, анын заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуш кылуу.

Коюлган максаттар диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:

1. Учурдагы окутуу процессинин шарттарына ылайык Республиканын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун методологиялык негизин аныктоо;

2. аталган курсу окутуунун педагогикалык, методикалык принциптерин. учур талаптарына ылайык иштеп чыгуу;

3. Республиканын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окуп- үйрөнүүнүн абалына анализ жүргүзүү, анын ЖОЖдордун мамлекеттик стандарттарында, окуу программаларында, окуу-усулдук адабияттардагы абалына анализ жүргүзүү;

4. жогорку окуу жайларда "Манас" таануу курсун өзүнчө окуу дисциплинасы катары негиздөө, анын максатын, милдеттерин, формалары менен каражаттарын жана мазмундук түзүлүшүн аныктоо;

5. "Манас" таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясын иштеп чыгуу, анын компененттерин тактоо, окутуу принциптерин, методдорун аныктоо;

6. аталган курстун иштелип чыккан моделин турмушка ашыруунун технологияларын, аткарылуучу практикалык-методикалык иштердин системасын жана "Манас" таануу дисциплинасын окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү сунуштарын иштеп чыгуу;

7. иштелип чыккан технологияны практикага киргизип, жүзөгө ашыруунун технологияларын, аларды келечектүү өркүндөтүүнү концепциясынын тууралыгын эксперименттик сыноодон өткөрүү, жыйынтыгын практикага киргизүү.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында"Манас"таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздерин аныктоо, анын заманбап технологияларын иштеп чыгуу жана аларды практикага сунушкылуу.

**Илимий жаңылыгы**

1. Кыргызстандын жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окуу дисциплинасы катары теориялык жана методикалык жактан алгачкы ирет негизделишинде;

2. аталган курстун максат-милдеттери, мазмуну, окутуу формалары менен каражаттары илимий-методикалык жактан алгачкы жолу такталышында;

3. ЖОЖдордо "Манас" таануу курсун окуп-үйрөнүүнүн заманбап технологиясы иштелип чыгуу менен аны окутуунун адабий-теориялык, дидактикалык жана методикалык принциптеринин, ыкмаларынын, методдорунун, формаларынын жана каражаттарынын аныкталышында;

4. "Манас" таануу курсу боюнча иштелип чыккан технологияны турмушка ашыруу жана аны окуп-үйрөнүүнү мындан ары өркүндөтүүнүн келечектүү концепциясынын иштелип чыгылгандыгына;

5. "Манас" таануу курсун окутууга арналган иш-чаралардын алгачкы ирет Республиканын ЖОЖдорунда практикаланышында.

Диссертацияда чыгарылган илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.

1-жыйынтык жаңы, себеби, ЖОЖдордогу "Манас" таануу предметинин негиздемеси, курстун илимий-теориялык негиздери, анын структурасы жана багыттары көрсөтүлгөндүгү.

2-жыйынтык жарым - жартылай жаңы, себеби, "Манас" таануу илими жана "Манас" таануу предмети боюнча мүнөздөмөлөрдүн берилгендиги.

3-жыйынтык жарым-жартылай жаңы, себеби, "Манас" эпосун изилдөө, жыйноо, басып чыгаруу, манасчылык өнөр жана аны окуп-үйрөнүү тарыхы анализденгендиги.

4-жыйынтык жаңы, себеби, эпосту окуп-өнөр формалары, методдору жана технологиялары, анын модели сунушталгандыгы.

5-жыйынтык жарым-жартылай жаңы, себеби, "Манас" таануу предметин окутуп жаткан окутуучунун жана студенттин негизги компетенттүүлүктөрү, алар жөнүндөгү мүнөздөмөлөрдүн чагылдырылгандыгы,

6-жыйынтык жаңы, себеби, ЖОЖдордо студенттерге "Манас" эпосунун идеялык мазмунунан келип чыкканосуяттарды үйрөтүүнүн маани-маңызы жана заманбап технологиялары иштелип чыгылгандыгы.

7-жыйынтык жаңы, себеби, "Манас" таануудагы гуманисттик идеялар, студенттерди мекенчилдикке тарбиялоодогу орду жана мааниси берилгендиги.

**Зулпуев Ашим Зулпуевичтин диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй оң натыйжалар алынган:**

Биринчи натыйжа. "Манас" таануу курсунун мазмуну, аны окутуунун теориялык маселелери, курстун структурасы көрсөтүлгөн.

Экинчи натыйжа. Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору менен принциптери изилдөөгө алынган.

Үчүнчү натыйжа, "Манас" таануу курсун окутууну заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнүн методикасы иштелип чыккан.

Төртүнчү натыйжа. "Манас" таануу курсун окутууда ээ болуучу компетенциялар жана курстун тарбиялык маани-маңызы тастыкталган.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы, сунуш кылынган документтерди карап чыгып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик

университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу Д 13. 18.580. диссертациялык кеңешине 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган Зулпуев Ашим Зулпуевичтин "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы доктордук диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

**Төрайым**: Рахмат Бушарипа Кожояровна. Анда,Зулпуев Ашим Зулпуевичтин 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимийметодикалык негиздери" деген темадагы доктордук диссертациясыкоргоого сунушталсын. Добуш берип койсоңуздар.

Бардыгы -17
Макул - 17
Каршы -0
Калыс -0

Жогорудагы докторанттын баяндамасын, суроо-жоопторун жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперименттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Зулпуев Ашим Зулпуевичтин 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигине ылайык педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Зулпуев Ашим Зулпуевичтин 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча "Жогорку окуу жайларында "Манас" таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигине ылайык педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын доктордук

диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

Жыйындын торайымы:
педагогика илимдеринин
доктору, профессор: Батаканова С.Т.

Жыйындын катчысы:
педагогика илимдеринин
кандидаты, доцент: Омурбаева Д.К.